"Апам, ай" Билемин тилегиңди өс-өн деген, Бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн. Апам, ай каруусунда уктап калсам, Ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн. Апам, ай апа десем ыргып турган, Көзүмдөн кандайымды көрүп туйган. Нан жапса күйгөн жерин өзү алып, Бышканын, даамдуусун мага сунган. Айттырган учкан желден саламды улам, Башкача бабалактап барганымда. Кийимдин эң жакшысын өзүмө арнап, Тамактын майлуураагын берген мага. Эч бир жан мени сендей көтөрбөгөн, Бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн. Апам, ай каруусунда уктап калсам, Ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн. "Апам, ай" Билемин тилегиңди өс-өн деген, Бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн. Апам, ай каруусунда уктап калсам, Ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн. Апам, ай апа десем ыргып турган, Көзүмдөн кандайымды көрүп туйган. Нан жапса күйгөн жерин өзү алып, Бышканын, даамдуусун мага сунган. Айттырган учкан желден саламды улам, Башкача бабалактап барганымда. Кийимдин эң жакшысын өзүмө арнап, Тамактын майлуураагын берген мага. Эч бир жан мени сендей көтөрбөгөн, Бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн. Апам, ай каруусунда уктап калсам, Ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн.